Х.ЖЭЭНБАЕВ АТЫНДАГЫ МЕКТЕП-ЛИЦЕЙ

# КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ САБАГЫ БОЮНЧА ИШТЕЛМЕЛЕРИ



Кыргыз тил мугалими: Момункулова Н.М.

Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner

# "АЛЫКУЛДУН АДАБИЙ ААЛАМЫ"

**Максаты:** *1. Окуучулар А. Осмонов жөнүндө кеңири түшүнүк алышат.*

*2. Окуучулар акындын ырларын көркөм айтуу менен сүйлөө кебин өстүрүшөт.*

*3. Окуучулар акындын ырлары аркылуу өз мекенин сүйүүгө, боорукердикке тарбияланышат.*

**Сабактын формасы:** Сахна-сабак.

**Сабактын тиби:** Өз билимин практикада пайдалануу сабагы.

**Сабактын жабдылышы:** Көлдүн көрүнүшү.

**Сабак аралык байланыш:** Адабият, музыка.

**Сабактын жүрүшү:** *Доклад окуу.*

Алыкул Осмонов 1915-жылы азыркы Калинин районундагы (Кара-Балтадагы) Каптал – Арык деген айылда туулган.

Алыкул Осмоновдун жолу татаал да, оор да болду десек болот.

Жарытылуу кийимге, курсагы тое тамакка жетпей, суукта калган күндөрүндө кургак учук оорусу жабышат. Токмоктогу балдар үйүнө кабыл алынып, алгач ирет мээримдүү адамдардын жылуу сөзүн укту. Андагы тарбиячысы Грунья Савельевнага кийин эр жеткен курагында:

*...Алыс кеттим,*  
*бармын,*  
*өлүү эмесмин*  
*Мен барбасмын,*  
*Сен да мага келбессиң,*  
*Жан боорумдай*  
*Көңүлүмдө көз жашың,*  
*Ата-энемден көз*  
*Жаш көргөн эмесмин*

- деп ырын арнаган эмеспи.

Балдар үйүнөн соң ал ошол кездеги негизги окуу жайы болгон педтехникумдан билим алды. Айдай Жигиталиевага болгон



Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner

сүйүүсү жолдуу болгон жок. Кыз ата-энесинин сөзүнөн чыгалбай, айылдаш жигитке турмушка чыгып, төрөттөн каза болду. Алыкул теңтушунун карындашы, Москвада театралдык институтту бүтүп келген Зейнепке үйлөнүп, турмуш жолун баштоого умтулду. Кызы Жыпар бир айга толбой жатып чарчап, акын терең кайгыга батты. Жары чыгыштык кылып, анын турмушунун «Жалгыздык» деген оор келкиси башталды. Акындын алдында бүт өмүр – тагдырын ырга байлап, аны менен көкүрөк күйүтүн, арманкөйүн басып, уулуп бара жаткан жазмышы келгенче иштеп калуудан башка жол калган жок.

Акындын мына ушундай жолунда атактуу грузин элинин акыны Шота Руставелинин «Жолборс терисин жамынган батырын» которуу чоң мектеп болду. Муну менен акын чыныгы поэзиянын кандай болорун билди. Нукура көркөм чыгармалардын мыкты үлгүлөрү менен кенен кесир таанышты. Аны менен чектелбей, аны чоң сүймөнчүлүк менен кыргыз тилине которду. Бул котормо – кыргыз тилиндеги эркин котормолордун эң мыктысы...

Анда эмесе Алыкулдун чыгармачылык өмүр жолуна көңүлүңүздөрдү бурабыз.

**Ыр:** «Кыргызстан». *(магнитофондон угулат)*

**Алыкул:** *(Бир бөлмөдө жалгыз ыр жазып отурат, аңгыча туруп ары-бери басып, жээнин чакырат).*

Болот, Болот!

Болот машинаңды от алдырчы. Көптөн бери көлгө бара элекмин, көлдү аябай сагындым.

*(Көшөгөнүн артында көлдүн көрүнүшү) (көшөгө ачылат).*

Көлгө келди.



Сканировано с CamScanner

**Алыкул:** *Ысык-көл кээде тынч да, кээде толкун,*
*Толкуса толкунуна мен ортокмун.*
*Турмушта кандай жолдош күтсөм дагы,*
*Бир сырдуу сендей жолдош күткөн жокмун.*
*(Уландысы бар).*
*(Алыкул көлдүн жээгинде ары-бери басып турат.)*

**Толкундар:** *«Мен көлүмө келгенде».*

**1. Окуучу:** *«Кыргыз көлү»*
*Ысык-Көл – кыргыз көл кылкылдаган,*
*Кыз-келин кылаасында шыңкылдаган.*
*Кылымдар колдон түшкөн маржан болуп,*
*Көрүнбөй тереңинде жылтылдаган.*

**2. Окуучу:** *«Көлүмө»*
*Көргөн сайын көркөмдүгүң жаңырган.*
*Көңүлүм тойбойт көрүп өтпөй жаныңдан.*
*Көз жетпеген көктүгүңдүн үстүндө*
*Көбүктөнгөн толкунуңду сагынам.*

**Алыкул:** *(кайра ордуна келип, ыр жазып отурат).*

**Толкундар:** *«Балалык».*
*Жарык көрүп көз ачканы ойгонуп,*
*Биз турмуштун таш жолдорун бойлодук.*
*Чарчоо тартып, аз эс ала калганда:*
*Сагыныңтуу жылуу сезим ойгонуп.*

**Окуучу:** *(кирет) Алыкулдун балалык чагы чагылдырылат. Бир, эки, үч бутубузга күч. Бир, эки, үч бутубузга күч – деп сахнаны айланып чыгып кетет.*

*(Груньа Савельевна кирет)*

**Груньа Савельевна:** *Алыкул, оо, Алыкул кеттиңби?*

**Алыкул:** *Ооба, кетип жатам.*



Сканировано с CamScanner

*Грунья Савельевна: Жакшы бар! Жолуң ачылсын!*
*Бактылуу бол! (Алыкул кетет)*
**Толкундар:** *«Грунья Савельевнага».*
**Окуучунун аткаруусунда:** *«Ата журт».*
*Жылуу кийин жолуң кыйып үшүрсүң,*
*Кыш да катуу... бороон уулуп, кар уруп...*
*Суугуңду өз мойнума алайып,*
*Жол каайын, токтой турчу, Ата Журт!*
*Түндөр жаман... кырсык салып кетпесин,*
*Наалат келип ат тизгинин шарт буруп...*
*Азабыңды өз мойнума алайын,*
*Из карайын, токтой турчу. Ата0Журт!*
*Жазда башка... Жел тийбесин абайла,*
*Көпкө турбас, мобул турган сур булут.*
*Бүт дартыңды өз мойнума алайын,*
*Сен ооруба, мен ооруюн, Ата-Журт!*
**Айдайдын келиши**
**Айдай:** *Алыкул!... Алыкул!... Алыкул!...*
**Алыкул:** *Ой, Айдай келип калды окшойт. (Аңгыча Айдай келет).*
**Айдай:** *Сен мага бүгүн ырларыңдан окуп берем дебедиң беле?! (экөө кол кармашып ойношот).*
**Окуучу:** *«Мен кыргыздын акыны».*
*Ким берсе да жакшы берген бактымды,*
*Ким койсо да жаман койгон атымды,*
*Ушакчыдан не кылам деп сурасам,*
*- Баш тыйынга мага сат дейт даңкыңды!*
*Сатам!*
*Алсын!*
*Кайдан билсин баркымы?*
*Чайга салып жутар кезде:*
*Заар тилин куйкалачу*
*Мен кыргыздын акыны! (Уландысы бар)*
**Толкундар:** *«Сүйүү жана мен».*
*Сүйүү эмне? Сүттөй таза колукту!*



Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner

*Ансыз анан алтын өмүр толукпу?*
*Ошондуктан эң биринчи жаш сүйүү*
*Бермет, жакут, каухар кийип жолукту.*

*Кучактадым, өптүм, кыстым боорума,*
*Бул турмушта өлгөнчө бир болууга*
*Бирок, сүйүү эң жалганчы нерсе экен,*
*Кош деди да от карматты колума.*
*(Уландысы бар.)*

**1. Окуучунун аткаруусунда:** *«Отуз жаш».*

*Ырас өмүр кандай кыска, кандай аз...*
*Тагдыр ошол, өлчөмүнөн көп кылбас.*
*Бирок чиркин аздыгына мейли эле,*
*Анын октой тездигине капат баш.*
*Кечээ гана тиги кырда жок эле,*
*Кандай чыкты боз ат минген отуз жаш?*
*(Уландысы бар.)*

**2. Окуучунун аткаруусунда:** *«Сүйбөйм сени».*

*Сүйбөйм сени, түбөлүккө муздадым,*
*Бирок анын себептерин билбеймин,*
*Жаз чыкканда терезеңди каккылап,*
*Бай төшөктүү жакшы үйүңө кирбеймин.*

**Алыкулдун кызынын чарчашы...**

*Эшиктен Зейнеп баланы көтөрүп кирет.*

**Алыкул:** *Оо, кудай кичинекей чүрпөмдөн мени түбөлүккө мени ажыратасыңбы?!*

*Мага ушул перзентти да, ыраа көрбөдүңбү?*

**Толкундар:** *«Бөбөккө»*

*Тооруй басып тосуп чыгып жолумдан,*
*Бура кармап, майыштырып оңумдан,*
*Жаш өмүрдө жаңы бөбөк көрөрдө*
*Таш боор өлүм тартып кетти колумдан.*



Сканировано с CamScanner

# “АТ АТООЧТУН ТҮРЛӨРҮ”

**Сабактын максаты:**

| | | |
|---|---|---|
| **Билим берүүчүлүк:** Окуучулар ат атооч боюнча алган билимдерин тереңдетишет, ат атоочтун түрлөрү боюнча маалымат алышат. | **Өнүктүрүүчүлүк:** Берилген көнүгүүлөр, тапшырмалар аркылуу жазуу жана оозеки сүйлөө көндүмдөрүн калыптандырышат. | **Тарбия берүүчүлүк:** "Калп эмнеге алып келет?" аттуу тексттин негизинде окуучулар калп айтпоого, чынчыл болууга тарбияланышат. |
| **Көрсөткүчтөр:** Жогорудагы коюлган максаттарга жетти дейбиз Эгерде окуучулар... | | |
| ат атооч боюнча алган билимдерин тереңдетишсе, ат атоочтун түрлөрү боюнча маалымат алышса. | берилген көнүгүүлөр, тапшырмалар аркылуу жазуу жана оозеки сүйлөө көндүмдөрүн калыптандырышса. | тексттин негизинде окуучулар калп айтпоого, чынчыл болууга тарбияланышса. |

**Сабактын тиби:** Жаңы теманы өздөштүрүү.

**Сабактын ыкмасы:** Түшүндүрмө, суроо-жооп, жуптарда иштөө, топ менен иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** Таблица, карточкалар, проектор, сүрөттөр, көнүгүүлөр жыйнагы, тексттер жыйнагы.

**Сабак аралык байланыш:** Кыргыз адабияты

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Уюштуруу;**

Саламдашуу, жоктоо, активдештирүүчү маанай;

2. Өтүлгөн теманы кайталоо үчүн суроолор:

2.1. Ат атооч жөнүндө эмнелерди билесиңер?

2.2. Кыргыз тилиндеги ат атооч сөздөрдү атагыла.

2.3. Ат атоочтор кандай суроолорго жооп берет?

2.4. Ат атоочтор жөндөмө боюнча кандай өзгөрөт?

**3. Үй тапшырмасын текшерүү:**

**4. Фонетикалык машыгуу:** А. Осмонов. "Китепти сүй"

Китепти сүй, баркын бил,
Китептин көп акылы.
Ким китепке дос болсо,
Ал – ошонун жакыны. *(ырдагы ат атоочторго көңүл буруу)*



Сканировано с CamScanner

**5. Жаңы тема:** Ат атоочтун түрлөрү *(тема таблица аркылуу түшүндүрүлүп, видиопроектор аркылуу көрсөтүлөт)*

| № | Ат атоочтор | | Мисалдар |
|---|---|---|---|
| 1 | Жактама ат атооч: | мен, сен, ал, биз, сиз, силер, алар. | *Мен сени билем, сенин таятаңды да, аны да билем.* |
| 2 | Шилтеме ат атооч: | бул – бу, тиги – тигил, ушу – ушул, ошо – ошол, тетиги(л). | *Куйручук тиги(л) атчандарды карады. Бул – менин акыркы катым.*<br>*Алыкул ушул көлгө көп сүктанчу. Ырларын ушу(л) көлдө жазган.* |
| 3 | Сурама ат атооч: | ким? эмне? качан? кайда? канча? кайдан? | *Бул ким? Эмне кылып жүрөт? Китебиң кана, эмне кечиктиң?* |
| 4 | Тангыч ат атооч: | эч ким, эч нерсе, эч качан, эч кандай. | *Уулум, эч кимди тилдебе, эч кимге жаман айтпа.*<br>*Эч качан адамдын көңүлүн оорутпа.*<br>*Эч убакта калп айтпа.* |
| 5 | Аныктама ат атооч: | бүткүл, бардыгы, баары, ар ким, ар кайсы, өзүм, өзү. | *Бардыгыбыздын максатыбыз – ушул.*<br>*Ал ар кандай жумушту так аткарат.*<br>*Ар кимдин билгени бар.*<br>*Кылычты ар ким байланат, чабарына келгенде, кандай жигит шайланат.*<br>*Өз өлтүрбөйт, жат жарытпайт.* |
| 6 | Белгисиз (күдүк) ат атооч: | кимдир бирөө, кандайдыр бир, алда кандай, бир нерсе, бирдеме. | *Бул бөрүлөрдүн сырын алда качантан бери билебиз.* |



Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner

Тема түшүндүрүлгөн соң, окуучулар өз мисалдарын айтышат.

**Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн машыгуу, көнүгүү иштери.**

**6. Карточкалар менен иштөө** жана макалдардагы, ырлардагы тарбиялык мааниси бар сүйлөмдөрдү дептерге жазуу. (жуптарда иштөө)

№1 Төмөнкү макалдан ат атооч сөздү таап, маанисин чечмелеп бер.

"Акылдуу ката кетирсе, өзүн жемелейт».

№2 Ыр сабынан ат атоочторду тап жана түрүн аныкта.

*Билбегенди билгизген,*
*Мээге сезим киргизген.*
*Ак булуттун үстүндө,*
*Айга жакын жүргүзгөн.*
*Китеп – менин акылым,*
*Китеп – менин жакыным.*

№3 Ырды көркөм окуп, ат атоочторду тап жана түрүн аныкта.

*Эне, сага кандай мактоо жарашат?*
*Эне, сенден ким сыймыкты талашат?*
*Эне менен теңдеше албайт эч бир жан,*
*Бардык мактоо сага гана жарашат. (А.Токомбаев)*

№4 Табышмактын жандырмагын тап жана ат атоочту аныкта.

*Өзү кичине чеңгелдей, үнү сонун аргендей. (булбул) ж. б.*

**7. Өз алдынча иштөө**

Берилген текстти ат атооч сөздөрдү колдонуу менен уланткыла. *(текст ар бир окуучуга даяр берилет) (5 мүнөт)*



Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner

...жактардан кайтып келишти. Аларга биз кам көрүшүбүз керек...

**8. "Ким билет?" оюну** *(топ менен иштөө) (сүйлөмдөр даяр түрдө окуучуларга таркатылып берилет)*

*Кайсы тексттерден биз төмөнкү сүйлөмдөрдү жолуктургандбыз?*

*Эстегиле жана көркөм окуп, ат атоочторду аныктагыла.*

- *Жайлоо — бул бейиштин төрүндөй ажайып чөлкөм.*

*(Кыргыз адабияты, 7-класс, "Жайлоо-кыргыз жеринин куту")*

- *Жердин аталышы ошол кишинин атынан калган дешет.*

*(Кыргыз адабияты, 7-класс, "Борбор шаарым – Бишкегим")*

- *Нарын дарыясы эң чоң суу болуп, ага электр станциясы курулган.*

*(Кыргыз адабияты 7-класс, "Мекеним менин – Кыргызстан")*

- *Мамлекеттик гербде Ысык-Көлүбүз жана асман тиреген тоолорубуз чагылдырылган. Тоолор жана Ысык-Көлүбүз – биздин эң чоң байлыктарыбыз.*

*(Кыргыз адабияты, 7-класс, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик белгилери"*

- *Улуттук филармониянын астында Манас баатырдын жана анын акылчысы Бакай атанын, жары Каныкейдин айкелдери бар.*

*(Кыргыз адабияты, 7-класс, "Борбор шаарым – Бишкегим")*

**9. Текст үстүндө иштөө.** "Калп эмнеге алып келет?"

**Мугалим окуучуларга текстти окуп берет:**

Сканировано с CamScanner

Сканировано с CamScanner

Илгери бир Жумаалы деген калпычы киши болуптур. Ал калп айтканды өнөр кылып алыптыр. Калп айтпаса тура алчу эмес экен. Бир күнү түн ортосунда эл кызуу уйкуда жатканда сыртка чыгып, үнүнүн бардыгынча: "Мага карышкыр тийди! Эл-журт, жардамга!" – деп кыйкырат. Элдин баары ойгонуп, туш-туштан жабыла чуркап келишет. Караша, бардыгы тынч, эч кандай карышкыр жок. Жумаалы калп айтып, элди алдаганына кубанып күлүп отурат. Алданган эл Жумаалыны "акмак, келесоо" деп тилдешип, үйлөрүнө тарашат.

Күндөрдүн биринде Жумаалы дагы түн ортосунда туруп алып азан-казан түшүп: "Ой, эл-журт, сактангыла, тоодон сел каптап келе жатат. Өлдүк!" – деп кыйкырат. Үрөйү учкан эл балдарын жетелеп, сыртка чуркап чыга баштайт, караса, баары тынч. Эч кандай сел агып келе жатканы көрүнбөйт. Жумаалы болсо калп айтканына ыкшып күлүп жатыптыр. Бул жорукка ыза болгон элдер аны урмакчы болушат. Ошондо аксакалдар арачалап: "Акмакты жайына койгула. Бир күнү калпынын азабын тартат", – дешет.

Арадан көп күндөр өтөт. Түн ичинде капыстан Жумаалынын үйү өрттөнөт. Эптеп сыртка чыга качышат. Жумаалы жан-алы калбай:



Сканировано с CamScanner
Сканировано с CamScanner

- Ой, эл-журт, жардам бергиле! Үйүм өрттөнүп жатат. Өлүп кетейин, чын эле чатырым күйүп жатат! – деп нары-бери чуркап элди чакырат. Баягы көп калпынын бири да деп, эч ким үйүнөн чыкпай коёт. Эртеси туруп караса, чын эле үйү өрттөнүп, дубалы гана калыптыр. Жумаалы үй-бүлөсү менен ыйлап отурушат. Элдер Жумаалыга жардам берип, өрттөнгөн үйүн оңдоп коюшат. Ошондон кийин Жумаалы эзели калп айтпай калган дешет.

Текст менен таанышууда окуучулар түшүнүксүз сөздөрдү белгилешет, мугалимдин жардамы менен слайд аркылуу сөздөрдүн маанилери чечмеленет.

**Топ менен иштөө:**

**Топко:** Текстке карата суроолорду түзгүлө; (3 суроо)

**Топко:** Тексттеги ат атоочторду белгилегиле жана алар катышкан сүйлөмдөрдөн үчтү дептериңерге көчүргүлө.

**10. Сабакты бышыктоо үчүн берилчү суроолор:** Эмне үчүн элдер Жумаалыга жардам бербей коюшту? (Окуучулар өз ойлорун айтышат).

Тексттеги ат атоочтордун түрлөрүн аныктап көргүлө.

**Жыйынтыктоо:** Тексттин тарбиялык маанисин ачып берүү менен мугалим окуучуларга ат атоочтун түрлөрүн туура аныктоо аркылуу сабакты жыйынтыктайт.

**Үй иши:** Акын-жазуучулардын чыгармаларынан ат атоочтордун түрлөрүнө мисалдарды жазып келүү. Жаңы сөздөрдү кайталоо.

**Баалоо.**



Сканировано с CamScanner